# Сагындырба

Сөзү: Абдисалим Чылымовдуку
Обону: Сыймык Бейшекеев

Жаачы жамгыр жер жаңырып,

Гүлдөр өссүн узарып.

Жан дүйнөмдү ээлеп алды,

Түгөнбөгөн кусалык.

Жаным неге биз жаңылып,

Сезимдерди тушадык.

Мен да сенден, сен да менден,

Неге алыска узадык?

Кайырма:

Сагындырба сагындырба,

Зарыктырып жалынтпа.

Жалоорутуп кусалантып,

Жамгыр суудай агылтпа.

Жаачы жамгыр жаачы жамгыр,

Көңүл калсын тазарып.

Биздин сүйүү гүл сымалдуу,

Калсын кайра жашарып.

Кайтып келчи жамгыр болуп,

Сенде тура тазалык.

Бул жашоонун ашууларын,

Бирге чогуу ашалык.

Кайырма:

Жаачы жамгыр мончокторуң,

Мен көзүмө тагайын.

Сен сел болсоң буркан шаркан,

Мен да кошо агайын.

Көңүл кирин жуучу жерге,

Мен да бирге барайын.

Келчи кайра асыл эркем,

Сени кайра табайын.